КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ

НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

9-июнь 2023-ж. № 10 Бишкек ш.

**Биоагрардык илимдер боюнча эксперттик кеңешти бекитүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКынын 2021-жылдын 18-ноябрындагы № 19 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ № 377 Жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө» жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ № 12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын 2023-жылдын 24-майындагы № 16-Л буйругунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын президиумунун 2023-жылдын 1-июнундагы № 256 токтомунун (№ 5э/к-4/18 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

Биоагрардык илимдер боюнча эксперттик кеңештин курамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКынын 2021-жылдын 18-ноябрындагы № 19 буйругуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1. Биоагрардык илимдер боюнча эксперттик кеңешке биология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча 03.01.04 – биохимия, 03.03.01 – физиология, 14.03.03 – патологиялык физиология адистиктери киргизилсин.
2. Биоагрардык илимдер боюнча эксперттик кеңештин төрагасынын орун басары б.и.д., проф. Г. Т. Курманбекованын 03.02.08 – экология (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиги боюнча биология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын, 03.02.07 – генетика (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиги боюнча биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө жазылган диссертацияларды кароо укугу жокко чыгарылсын.
3. Б.и.д., проф. Г. Т. Курманбековага 03.01.04 – биохимия (эмгектеринин жыйындысы боюнча), 14.03.03 – патологиялык физиология (авторефераты боюнча) адистиктери боюнча биология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденүүгө жазылган диссертацияларды кароо укугу берилсин.

3. 03.02.08 – экология, 03.03.01 – физиология адистиктери боюнча биология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын, 03.02.07 – генетика адистиги боюнча биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды тышкы эксперттик корутундунун негизинде каралсын.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**